КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 19-29/2

XXIX чакырылышынын 19-сессиясы **03.06. 2026 ж.**

«Жаңы-Пахта айыл аймагындагы
№ 327-маршруттук каттамдын жол
кире акысынын (тарифинин) баасын
көтөрүү жана бекитүү жөнүндө»

Жаңы-Пахта айыл аймагынын тургундарын коомдук транспорт менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, күйүүчү-майлоочу майлардын, автоунаа тетиктеринин кымбатташына байланыштуу жүргүнчүлөрдү ташуучу тараптын кайрылуусун эске алып, ошондой эле калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жаңы-Пахта айыл аймагы аркылуу каттаган № 327-маршруттук каттамдын жол кире акысынын жаңы тарифи төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Жаңы-Жер - Бишкек-80 сом;
   - Жаңы-Пахта - Бишкек-100сом;
   - Май айылы - Бишкек-110 сом;

2. Ички каттамдардын жол акысы өзгөрүүсүз калсын.

4. Кж Транс ОсОО компаниясы коомдук транспортто жүргүнчүлөрдү ташуунун сапатын, санитардык абалын жана бекитилген графикке ылайык каттамдардын үзгүлтүксүз жүрүүсүн көзөмөлгө алсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысына жана айылдык кеңештин тийиштүү туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Жаны- Пахта айылдык
кенешинин төрагасы ..... Саитбеков З.М